*УДК 378.4*
*DOI 10.33514/1694-7851-2019-2-7-11*

***Абдыраева Жаңыл Дүйшонкуловна***
*Преподаватель кафедры всеобщей истории КГУ им. И.Арабаева*

# КЫРГЫЗСТАНДА КЫЗ-КЕЛИНДЕРГЕ ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КАЛЫПТАНУУ ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

# ПРЕДПОСЫЛКИ СТАНОВЛЕНИЯ ЖЕНСКОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

# PREREQUISITES FOR THE FORMATION OF FEMALE TEACHER EDUCATION IN KYRGYZSTAN

***Аннотация.*** *Бул макалада И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыз-келиндер училищеси болуп түзүлүшү жана басып өткөн тарыхый өнүгүүсү каралат.*

***Аннотация.*** *В этой статье рассматривается историческое развитие КГУ им. И.Арабаева, с момента становления женского педагогического училища.*

***Annotation:*** *This article discusses the historical development of KSU by I.Arabaeva, since the formation of the female pedagogical school.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Билим берүү, кыз-келиндер педагогикалык училищасы, жогорку окуу жайы, педагог.*

***Ключевые слова****: Образование, женская педагогическая училища, высшее учебное заведение, педагог.*

***Keywords:*** *Education, women's pedagogical schools, university, teacher.*

Коомдук турмуштагы социалдык-экономикалык мамилелердин өзгөрүшү педагогикалык билимге жана мыкты адистерди даярдоого болгон талапты күчөтүүдө. Демек, билим берүү өлкөбүздүн бирден бир стратегиялык багыты катары сапаттуу жана жеткиликтүү болушу зарыл.

Өлкөдөгү экономикалык абалды жакшыртуу жана атаандаштыкка туруштук бере алган чөйрөнү жаратууда билим берүү системасынын орду четте калбаш керек.

Коомдогу илимий-техникалык прогресс, жаңы технологиялардын өндүрүшкө киргизилиши адамзаттык баалуулуктардын дагы бир жогорку тепкичке көтөрүлүшүн, аны менен катар ар бир инсандын жеке активдүү позициясынын күч алышын, профессионалдык ишмердүүлүктүн ар тараптуу өөрчүшүнө көмөк көрсөтөт.

«Билими күчтүү минди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат» деп кыргыз эли байыртан бери эле билимдүү адамдарга өзгөчө сый-урмат менен мамиле кылып келишкен. Бул макалга ылайык элибизде билимдин, илимге, билимдүү адамдарга болгон баанын жогорку денгээлде экендигин билебиз.

Жалпыбызга белгилүү болгондой кайсы бир коомдун өнүгүү абалын анын билим берүү системасынын денгээлине карап билебиз. Бул тармактын негизги өстүрүүчү жана калыптандыруучу күчү педагогикалык кадрлар болуп эсептелинет.

Кыргыз Республикасында жогорку билим берүүнүн көч башы болгон жана бай тарыхы менен айырмаланган окуу жайлардын бири – И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университети. Бүгүнкү күндө университет мамлекеттик үлгүдөгү дипломду бериш үчүн заманбап билим берүү, актуалдуу илимий-изилдөө жана маданий-массалык баалуулуктардын ордосу болуу лидерлигин жигердүү улантууда.

Педагогикалык ишмердүүлүгүндө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети ары байсалдуу, ары татаал жолду басып өттү. Ал эми бул тарыхый жолдун башталышы т.а. университеттин тарыхынын башаты Улуу Ата-Мекендик согуш жылдарына туура келет.

1919-жылы 26-декабрда В.И.Лениндин «РСФСР калкынынын арасында сабатсыздыкты жоюу» боюнча декрети кабыл алынат. Бул декретке ылайык бардык чөлкөмдөрдө активдүү иш-аракеттер ишке ашырыла баштаган. Анын ичинде Кыргызстан да четте калбастан, бул багыттагы иштердин жүрүшүнө жол ачкан. Ошол учурда Кыргызстандын калкынын 98%-ы сабатсыз болгон эле [3, 7-б].

Согуш мезгилинин кыйынчылыгына карабастан, тажрыйбалуу мугалимдердин фронтко кетиши жана СССРдин борбордук райондорунан жаш балдардын, жаштардын эвакуацияланып келиши Кыргызстанда билим берүү системасында келечектүү кадамдардын ташталышына алып келип, мугалимдерди даярдап чыгаруу иштери колго алынган.

Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин (СНК) 1944-жылдын 15-декабрынын №825 Токтомунун жана Кыргыз ССРинин Кызыл профессорлор институтунун (ИКП) 1945-жылдын 19-январынын №11 буйругунун негизинде Кыз-келиндер педагогикалык училищасы ачылган. Эң алгач бул окуу жайы кыргыз кыздарынын арасынан башталгыч класстын мугалимдерин даярдап чыгаруу максатында ачылган [4, 152-б].

Бул окуу жайга ар бир жылы 100 студентти кабыл алуу планы коюлуп, училищага жети жылдык билими бар, 15-17 жаштагы кыргыз кыздары кабыл алынган. 1945-жылы бул училищанын студенттеринин басымдуу бөлүгүн Фрунзе областынан келген кыз-келиндер түзүшкөн. 1950-жылга чейин аталган педагогикалык училищаны 230 бүтүрүүчү аяктап, «Башталгыч класстын мугалими» квалификациясына ээ болушкан.

Бул училищеде окуу процесстеринин ийгиликтүү уюштурулушу, алгачкы ишмердүүлүгүнүн кадам таштоосуна салымын кошкон инсандардын бири - биринчи директор Оторбаева Акима Джолдошева болгон. Акима Джолдошева өзүнүн бүт өмүрүн эл агартуусуна арнаган инсан болгон. Ал 1930-жылы педагогикалык техникумду аяктап, мектепте мугалим болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Аны менен катар эле désinstitutта окуп, жогорку педагогикалык билим алган, дал ушул Кыргызстандагы алгачкы Жогорку окуу жайын бүтүргөн кыргыз кызы болгон. 1935-жылдан баштап жогорку окуу жайларында жаштарга билим бере баштаган. Педагогикалык училищанын директору болуп иштеп турган учурда башталгыч класстардын мугалимдерин даярдап чыгаруу максатында бир катар алгылыктуу иштерди аткара алган [1, 8-б].

Кыргызстан Коммунисттик партиясынын V съездинде (1949-ж. февраль) айыл жерлеринде жалпыга милдеттүү болгон жети жылдык билим берүү системасына акырындык менен өткөрүү боюнча чечими кабыл алынат. Бул чечимге ылайык 76 башталгыч мектеби жети жылдык болуп өзгөртүлүп, көпчүлүк жети жылдык жана орто мектептерде кошумча 5-7 класстары түзүлгөн. 1949-1950-жылдары Кыргыз ССРинин 23 айылдык райондорунда жалпыга милдеттүү жети жылдык билим берүү системасы киргизилген. Ал эми бул маселени ишке ашыруу – мыкты педагогикалык кадрларды даярдоонун санын жана деңгээлин жогорулатуу менен гана чечилмек. Ошол мезгилдин талабына ылайык Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 1950-жылдын 24-октябрындагы №811 Токтомуна ылайык, Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык училищасы 3 –жылдык окутуу мөөнөтүү менен мугалимдер институтуна өзгөртүлгөн [1, 9-б].

Токтомго ылайык мугалимдер институтунун түзүлүшү менен төмөнкү милдеттер аткарууга коюлган:

1. 1950-жылдын 25-октябрынан тарта Фрунзе шаарындагы кыз-келиндер педагогикалык училищасын беш жылдык окуу мөөнөтү менен окуткан Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институту болуп түзүлсүн. Жыл сайын жети жылдык билими бар 100 студент кабыл алынсын.

2. Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институтун Кыргыз педагогикалык институтунун курамынан бөлүнүп, өз алдынча Фрунзе облпедучилищанын имаратына жайгаштырылсын. (Фрунзе облпедучилищасын 1951-1952 окуу жылы жабылган).

3. Педучилищанын 1-2-курсунун студенттерин Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институтунун 1-2-курсуна которуу, ал эми училищаны 3-курстарын 1950-1951-окуу жылы менен бүтүрүп чыгаруу каралган.

**Таблица 1.1951-1952-окуу жылына мугалимдер институтуна 1-курска кабыл алуу көрсөткүчү: (Областтар боюнча) [5, 3Л.].**

| № | Областтын аталышы | План боюнча кабыл алуу | Кабыл алынды |
|---|---|---|---|
| 1 | Фрунзе | 10 | 32 |
| 2 | Ысык-Көл | 25 | 27 |
| 3 | Тянь-Шань | 25 | 23 |
| 4 | Талас | 5 | 5 |
| 5 | Жалал-Абад | 10 | 10 |
| 6 | Ош | 25 | 3 |
| **Жалпы:** | | **100** | **100** |

Жогорудагы таблицада көрүнүп тургандай, Фрунзе шаары боюнча 10 студент кабыл алуу пландалса, иш жүзүндө 32 студент окууга кабыл алынган. Мунун бирден-бир себеби институттун аталган шаарда жайгашуусу болсо, дагы бир себеби алыскы райондордон кыз-келиндердин арасында шаарга окууга тапшыргандардын санынын аздыгына байланыштуу болгон. Ал эми Ош областынан бул окуу жылына 25 кыз-келинди окууга кабыл алуу пландалып, жыйынтыгында 3 гана студент тапшырган. Бул, биринчиден аймактын алыс жайгашкандыгына байланыштуу болсо, экинчиден ал жакта ата-энелер кыздарын шаарга окууга өздөрүнөн алыс кетирүүгө каршы болушкан. Ысык-Көл облусуна 25 орун пландалса, 27 кыз-келин тапшырган. Бул аймактын шаарга жакын болушу себеп болгон.

XX кылымдын 50-жылдары Кыргызстан үчүн, бүткүл СССР сыяктуу эле, алдыга кубаттуу умтулуунун жылы болду. Билим берүү, маданият, илим ж.б. жакшы нукка өнүктү.

1951-жылы Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институтунун директору болуп Жумагүл Мусаева эмгектенген. Ж.Мусаева Республикада кыз-келиндер билиминин өсүшүнө Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун директору катары, кийинчерээк Кыргыз ССРинин Компартиясынын БКнын илим, мектеп жана маданият бөлүмүнүн башчысынын орун басары катары чоң салым кошкон.

1938-жылы мугалимдер институтунун биринчи курсунун студенти Жумагул Мусаева Фрунзедеги аэроклубка келет. Ошентип, педагогика багытында билим алуу менен катар Фрунзе аэроклубунда да учкучтар бөлүмүндө билим алууга жетишкен. 1940-жылы сентябрь айында Ж.Мусаева биринчи жолу өз алдынчы учкан. Төртүнчү жолу жалгыз учуп келгенден кийин гана ага учкуч адистиги берилген. У-2 самолетунда ал (легендарлуу «кукурузник», 147 учууну аткарган [2, 747-б].

Согуш башталганда Ж.Мусаева биринчилерден болуп фронтко жөнөтүү жөнүндө арыз жазат. Бирок, аны согушка жиберишкен эмес. Ал учурда түнкү бомбардировщиктерден эки аялдар полку түзүлүп калган эле. 1942-жылы Ж.Мусаеваны Коммунисттик партиянын катарына алышат. 1944-жылы институтту мыкты аяктап, ал жерде географиядан сабак берип мугалим болуп калат. Бир аздан кийин СССРдин Илимдер академиясынын География институтунун аспирантурасына окууга тапшырат.

Ж.Мусаева кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институтунун директору болуп иштеген жылдары институттун окуу корпусунун биринчи ондоолору башталган. Кыргыз ССРинин Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин бюросунун чечимине ылайык республиканын өкмөтү токтом кылат: «1952-1953-жылдарынын башынан кыргыз

кыз-келиндер мугалимдер институту кайра уюштурулуп, Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтуна айландырылсын, биринчи курска 200 кыргыз кыз-келиндери окууга алынсын». Кыргыз ССРинин Агартуу минстрлиги биринчи курстун студенттерин мамлекеттин эсебинен тамактандыруу жана жалпы орнотулган стипендиянын 50% төлөп берүүгө милдеттенет.

Мугалимдер институтунун педагогикалык институтка кайра уюштуруу республикадагы аялдар билимин өнүктүрүүнүн башкы барагы болуп калды. Институт бул кезде 8 кафедра, 37 окутуучуну бириктирип турган. Алардын ичинде жогорку окуу жайынын башатында тургандар, академиктер К.Юдахин, И.Батманов, илимдин докторлору, профессорлор А.Браун, А.Берлин, Г.Сухомлинов; доценттер Г.Земляная, З.Хакимов, Т.Ташевская, Д.Брудный, Л.Батманова, А.Исхаковдор болушкан. Ж.Мусаеванын жетекчилиги астында алгачкы жылдардын кыйынчылыктарын жеңип чыгышты. Окуу процесси кайра уюштурулуп, жетишээрлик аудитория фонду, окуу куралдары түзүлгөн. Жогорку окуу жайда окугандардын да саны өскөн. Алсак, согуштан кийинки беш жылдыкта анын контингенти 2,7 эсе көбөйгөн. 1950-1951-окуу жылында окугандардын саны 575 адамды түзсө, педагогикалык училищада окугандардын саны 4016 студентке жеткен [1, 107-б].

Жогорку окуу жайга даярдалган жаштарды кабыл алуу максатында институттун алдында кыргыз кыз-келиндери үчүн орто мектеп ачылган. Бул орто мектепке өлкөнүн райондорунан жети жылдык билими бар кыз-келиндер кабыл алына баштаган. Бул орто мектепти аяктаган бүтүрүүчүлөр кайра студенттердин катарына кабыл алынып жана мамлекеттин толук камсыздоосунда болушкан.

Үч жылдан кийин институт алгачкы кадрларын даярдап, 82 студент жети жылдык мектептин мугалими квалификациясын алган. Тилекке каршы, коомдун өнүгүү темпинде жети жылдык билим берүү талапка туура келбей калган.

50-жылдардын аягында 5-чи беш жылдык пландын акырына чейин жети жылдык билим берүүдөн жалпы орто билим берүүгө өтүү маселеси каралган. Бул маселелердин ишке ашуусу үчүн жогорку педагогикалык билими бар мугалимдерди даярдап чыгаруу талабы коюлган. 1950-жылы түзүлгөн жети жылдык мектептер үчүн мугалимдерди даярдап чыгарган мугалимдер институту, эми элге билим берүүнүн жалпы орто билим берүү боюнча жаңы талаптарына жооп бере алган эмес. Ошондуктан, СССРдин Министрлер Советинин 1952-жылдын 22-июлундагы №18552 буйрутмасына жана Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 1952-жылдын 5-июлундагы №805 Токтомуна ылайык, 1952-жылдын 1-сентябрынан баштап, мугалимдер институтунун базасында Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту түзүлгөн. Бул жылга биринчи курска 200 кыргыз кыздарын кабыл алуу каралган. Тил жана адабият бөлүмүнө (кыргыз, орус тилиндеги билим берүү) 75 студент, физика-математикага – 50, география бөлүмүнө – 25, коом таануу – 25, тарыхка – 25. Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтун курамында алгач тарых, филология, физика-математика, география жана биология факультеттери болгон [1, 15-б].

СССРдин Министрлер Советинин 1952-жылдын 22-июлундагы №18552/ри буйрутмасына жана Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 1952-жылдын 5-июлундагы №805 Токтомуна ылайык, 1952-жылдын 1-сентябрынан баштап, мугалимдер институтунун базасында Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 23-июлундагы Указы менен В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер институту И.Арабаев атындагы Мамлекеттик педагогикалык институтуна өзгөртүлөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 11-май №307 Токтому менен И.Арабаев атындагы Мамлекеттик педагогикалык университетине өзгөртүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 3-мартындагы Указына ылайык И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети болуп түзүлөт.

Бүгүнкү күндө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети республикадагы алдынкы окуу жайлардын бири. Ордо шаарыбыздын борборунда жайгашкан университеттин учур талабына жооп бере турган алты окуу имараты бар. Университетте 1000ге жакын профессордук-окутуучулар курамы, алардын ичинде 300дөн ашуун илимдин докторлору жана кандидаттары ийгиликтүү эмгектенишет. Азыр университетте 10 000ден ашуун студенттер билим алышууда. 260 докторанттар жана аспиранттар квалификациясын жогорулатууда [7].

Университеттин бүтүрүүчүлөрү билим берүү окуу жайларынын, мамлекеттик мекемелердин, илимий-өндүрүштүк бирикмелердин, жеке менчик ишканалардын жана башка тармактардын алдыңкы кызматкерлери катары өз билимдерин практикада үзүрлүү пайдаланып келишүүдө.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Асанканов А., Э.Ж.Маанаев., Усупова Н.С. Кузница педагогических кадров. –Б, 2002.
2. Бектурганова К.А. Кыргыз аялдары: тарыхты жана азыркы учурда. - Б.,2017.
3. Татыбекова Ж. В вузе учатся только девушки. –Ф.: Кыргызстан.1984.
4. Татыбекова Ж. Великий Октябрь и женщины Киргизстана. – Ф.: Кыргызстан 1975. 152-б.
5. КР БМА Ф.2599. Оп.1. д.7. 3Л.
6. Культурное строительство Кыргызской ССР: Стат. сборник. Ф.1957.
7. http://kutbilim.kg/kg


**Рецензент: т.и.д., профессор Курбанова Н.У.**

---


УДК 291

*DOI 10.33514/1694-7851-2019-2-11-16*



***Бегматова Суйун Кайырбековна***

*Аспирантка кафедры истории Кыргызстана и этнологии КГУ им. И.Арабаева*


## АЗЫРКЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА СУРООЛОР

## ВОПРОСЫ РЕАЛИЗАЦИИ СВОБОДЫ ВЕРОИСПОВЕДАНИЯ В СОВРЕМЕННОМ КЫРГЫЗСТАНЕ

## ISSUES OF REALIZATION OF RELIGIOUS FREEDOM IN MODERN KYRGYZSTAN

«В результате реализации политики в религиозной сфере Кыргызстан должен оставаться светским демократическим государством и развиваться по этому пути, а традиционные представления и религиозность осуществляется в частной сфере без нарушений прав человека. Национальная стратегия устойчивого Развития Кыргызской Республики.


***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасындагы диний кырдаал прозелитизм маселелерине байланыштары талданды. Конфессиялар аралык өз ара мамилелерди шайкеш келтирүүнүн практикалык сунуштары сунуш кылынды.*

***Аннотация.*** *В данной статье проанализирована религиозная ситуация в Кыргызской Республике, связанная с проблемами прозелитизма. Предложены практические предложения гармонизации межконфессиональных взаимоотношений.*